УДК 37.091.3:82.0

# ПУТИ ФОРМИРОВАНИЯ ЛИЧНОСТНО-ОРИЕНТИРОВАННОЙ КОМПЕТЕНЦИИ В ПРЕПОДАВАНИИ ЛИРИЧЕСКИХ ПРОИЗВЕДЕНИЙ УЧАЩИМСЯ СРЕДНИХ КЛАССОВ СРЕДНЕЙ ШКОЛЫ

***Р.Т. Жолдошева***

Рассматриваются критерии определения уровня образования, установленные новым стандартом, разработанным через нормативные документы, имеющие результаты в развитых странах. И хотя многие понятия известны мировой системе образования, кыргызское педагогическое сообщество начинает внедрять их в новый учебный процесс. Учитель литературы, проявляя свою творческую активность, знакомя учащихся с лучшими сокровищами кыргызской и мировой художественной литературы, обращает внимание на необходимость поиска форм воспитания, способствующих пробуждению воображения через познание их чуткого духовного мира, художественного и воображаемого восприятия реальной жизни, природы, не сходных ни с одной из художественно-эстетических ценностей в произведении. В частности, речь идет о том, что анализ лирических произведений, которые должны проходить через внутренний мир детей, учитывая, что каждый в соответствии со своим понятием будет включать в себя жемчужину слов, будет организован таким образом, чтобы учащиеся не были безразличны к ситуации, когда отношение ребенка к лирическому произведению защищено эмоциональным мнением учащегося как гражданина и когда оно выражено с помощью правильных слов или фраз, поможет формировать компетенции, необходимые для его применения.

*Ключевые слова:* социальная сфера; предмет литературы; личностно-ориентированное обучение; социальная сфера; познавательная, художественная литература; методы обучения; лирическое произведение; культурная компетенция.

# ОРТО МЕКТЕПТИН ОРТОҢКУ КЛАССТАРЫНЫН ОКУУЧУЛАРЫНА ЛИРИКАЛЫК ЧЫГАРМАЛАРДЫ ОКУТУУДА ИНСАНГА БАГЫТТАЛГАН КОМПЕТЕНЦИЯНЫ КАЛЫПТАНДЫРУУНУН ЖОЛДОРУ

***Р.Т. Жолдошева***

Макалада өнүккөн өлкөлөрдө натыйжага ээ болгон, ченемдик документтер аркылуу иштелип чыккан жаңы стандарт менен белгиленген билим деңгээлин аныктоонун критерийлери каралат. Дүйнөлүк билим берүү тутумуна көптөгөн түшүнүктөр белгилүү болгону менен, кыргыз педагогикалык коомчулугу аларды билим берүү процессине жаңыдан киргизе баштаганы тууралуу кеп козголот. Адабият мугалими жеке чыгармачыл аракетин көрсөтүп, окуучуларды кыргыз жана дүйнөлүк көркөм адабияттын мыкты казыналары менен тааныштырууда алардын сезимтал жан дүйнөсүнө, реалдуу турмушту көркөм-элестүү кабылдоосуна, чыгармадагы көркөм-эстетикалык баалуулуктардын бири экинчисине окшошо бербеген табиятын таануу аркылуу кыялкеч кабылдоосун ойготууга кызмат көрсөтүүчү окутуу формаларын издөө керектигине токтолот. Өзгөчө кандай мазмунда болбосун лирикалык чыгармага жасалган анализ балдардын ички дүйнөсүнөн өтүп, ар бири өз түшүнүгүнө ылайык сөз берметтерин кошууга тийиш болгон кырдаал окуучуларды кайдыгер калтырбаган абалда уюштурулса, баланын лирикалык чыгармага болгон мамилеси күйүп-жанган ыргакта окуучунун жаран катары эмоционалдуу пикири менен корголсо, болгондо да ошол жерге керек болуп турган сөз же сөз айкаштары аркылуу чагылдырылса, кийин колдонууга зарыл компетенцияны калыптандыраары тууралуу кеп козголот.

*Түйүндүү сөздөр:* компетенция; социалдык чөйрө; адабият сабагы; инсанга багыттап окутуу; социалдык чөйрө; таанып-билүү; көркөм адабият; окутуунун ык-усулдары; лирикалык чыгарма; маданий компетенция.

# WAYS TO FORM A PERSONALITY-ORIENTED COMPETENCE IN TEACHING LYRICAL WORKS TO MIDDLE SCHOOL STUDENTS

***R.T. Zholdosheva***

The article deals with the criteria for determining the level of education set by the new standard, developed through normative documents that have results in developed countries, and although many concepts are known to the world

education system, the Kyrgyz pedagogical community is beginning to introduce them into the new educational process. The literature teacher, showing his creative activity, introducing students to the best treasures of Kyrgyz and world fiction, draws attention to the need to find forms of education that help to awaken the imagination through the knowledge of their sensitive spiritual world, artistic and imaginary perception of real life, nature, not similar to one of the artistic and aesthetic values in the work. In particular, there are talking about the fact that the analysis of lyrical works that should pass through the inner world of children, each in accordance with its concept to include a pearl of words, will be organized in such a way that students are not indifferent to the situation when the child's attitude to the lyrical work is protected by the emotional opinion of the student as a citizen in a burning rush, and when it is expressed using the right words or phrases, will continue to form the competencies necessary for its application.

*Keywords:* social sphere; subject of literature; personality-oriented learning; social sphere; cognitive, fiction; teaching methods; lyrical work; cultural competence.

***Киришүү.*** Билим берүү системасына инсанга багыттап окутуу концепциясы киргенден бери орто мектепте окутуу жумуштары бир кыйла татаалдашты. Анткени окуу программасы баарына бирдей болгону менен, аны класстагы ар бир окуучунун жеке инсандык кызыкчылыктарына карап үйрөтүү мектептеги бардык мугалимдерге абдан эле оорчулук түзүп, аны кандай шартта аткарса ийгиликтүү болooруна жооп таба албаган абал орто мектепте бай-бай кездешүүдө. Анын үстүнө жаңы билим берүү стандарттар кабыл алынып, ал бардык предметтер боюнча белгилүү бир талаптардын өзгөрүүсүн шарттап, ал бардык мектептерде окуучуларга сунушталган билимдин мазмунуна таасирин тийгизди. Мындай көрүнүш кыргыз адабиятына да таандык болуп саналат. Кабыл алынган стандарт мурдатан билимге карата коюлган талаптарды кээ бир багыттар боюнча жаңыласа, айрым белгилерин түп-тамырынан өзгөртүү керектигин ачыкка чыгарды. Ага социалдык мамилелердин мазмунунун жаңыланганы себеп болсо, ал аныктаган критерийлер жаш муундун жашоо-тиричилигине зарыл болгон билимди берүү муктаждыгын ачыктап, окуучулардын жашоого даярдыгын камсыздоо аракети мындай чечимди кабыл алууга алып келгени белгилүү.

***Актуалдуулугу.*** Жаңы стандартта белгиленген билим деңгээлин аныктоочу критерийлер өнүккөн өлкөлөрдө натыйжага ээ болгон нормативдик документтер аркылуу иштелип чыккандыктан, көп түшүнүктөр дүйнөлүк билим берүү системасына белгилүү болсо да, кыргыз педагогикалык коомчулук жаңыдан окуу процессине киргизе баштаганын айтпай коюуга болбойт. Бул орто мектепке сунушталган жаңы программанын түзүлүшүнө мыйзамдык жактан жаңы талаптарды киргизүү менен бирге мектепте ортоңку класстардын окуучуларына адабий билим берүүнүн жол-жоболоруна бир катар толуктоолорду кошту. Ал кыргыз адабияты боюнча билим берүүдө баланын инсандык керектөөсүн мамлекеттик кызыкчылыкка айкалыштыруу менен ар бир окуучунун социалдык чөйрөдө өз ордун таанып-билүүгө, анда кандай жөндөмдөрүн көрсөтүү аркылуу инсан катары жарандык коомчулукта башкаларга тиешелүү мамилесин канааттандыраарлык деңгээлде жасоого болгон көндүмдөрүн калыптандырууга тиешелүү милдеттерди кыргыз адабияты сабагына жүктөдү. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы № 403-токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында жалпы орто билим берүүнүн Мамлекеттик билим берүү стандарты [1, 2-б.] мектептердеги окутуу иштеринен алынуучу натыйжаны компетенция менен өлчөй турганын педагогикалык коомчулуктун эсине салып, бардык иш чаралардын ички мазмунун ага сөзсүз байланыштыруу керектигин ачык көрсөтүп жаткандан кийин башка предметтердей эле кыргыз адабияты окуу программасында сунушталган чыгармаларды окутууда негизги басымды ушул тарапка коюуга киришти. Буга чейинки расмий документтерде кыргыз адабияты боюнча окуу программасын ишке ашырууда ар бир окуучунун жеке өзгөчөлүгүн эске алуу менен инсанга багыттап окутуу маселеси көтөрүлгөн болсо, жаңы программа ага кошумча инсанга керек компетенцияларды калыптандыруу проблемасын кошту.

Анын канчалык маанилүү экендиги Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2014-жылдын 22-июлундагы № 545/1-буйругу менен бекитилген Кыргыз Республикасынын мектеп окуучуларын жана окуган жаштарын тарбиялоонун 2020-жылга чейинки концепциясы [2, 8-б.] аркылуу белгиленсе, кыргыз адабияты предмети ал иштерди кандай формада аткарса ийгиликтүү болоорун адабият мугалими өзү жүргүзгөн жумуштары менен

үлгүлүү жүзөгө ашыруусуна милдеттендирди. Орто мектептин 5–9-класстары үчүн коюлган мындай критерийлер менен иштөө азыркы тапта мугалимдерге бир катар көйгөйлөрдү түзүп турганын айтпай кетүүгө болбойт. Ал түздөнтүз инсанга багыттап билим берүү иштери менен байланыштуу. Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” Мыйзамында (2003-ж.) [3, 5-б.] өлкөнүн ар бир жараны сапаттуу билим алууга укуктуу экенин эске алсак, окуучулар кайсы аймакта жашабасын өзүнүн коомдук-социалдык керектөөсүн канааттандыруучу билимдин ээси болуш үчүн кам көрүү максатында түзүлгөн инсанга багыттап билим берүү концепциясына негизделген кыргыз адабияты сабагы окуу программасы сунуштаган окуу материалына көңүл буруууда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 23-мартындагы № 201-токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында билим берүү системасынын өнүгүүсүнүн стратегиялык багыттарын [4, 3-б.] жетекчиликке алып, окуучулар азыркы турмуш шартына керектөөчү компетенциялардын үлгүсү керектигин ачыкка чыгарды. Коюлган талап бардык окуучулар үчүн мүнөздүү болгону менен бир класста окуган балдардын сунушталган окуу материалын кабылдоо деңгээли ар түрдүү келип, эс тутум, дүйнө кабылдоо, көркөм-элестүү ой жүгүртүү, чыгарманын сюжетин жана андагы окуяларды элестеп түшүнүү, кыргыз адабияты предмети үйрөтүүгө мүмкүн болгон максатты аткарууда бир катар кыйынчылыктарды түзөт. Ар бир баланын бул багыттагы коомдук-социалдык кызыкчылыктарын чечүү боюнча өздүк талаптары эч качан жакындаша бербегендиктен, ал адабий билим берүүгө оор жүк артып, мугалимге сабакты уюштуруудан тартып, акыркы натыйжага жеткенге чейинки иш пландарын терең ойлонуу менен иштеп чыгууну шарттайт. Анткени ар бир баланын көркөм адабиятты искусство катары кабылдоо боюнча ойлору бир аз жакындашканы менен алардын көркөм элестөөсү ар түрдүү келип, бир эле чыгармага ар кандай көз караштагы пикирди пайда кылгандыктан, көркөм чыгарманын ички табиятын тестиер окуучуларга үйрөтүү функциясы татаал психологиялык системада ишке аша тургандыгын көрсөтөт.

***Изилдөөнүн материалдары жана методдору.*** Ортоңку класстагы окуучуларга адабий билим берүүнүн максаты көптөгөн жылдардан бери эле балдардын дүйнөнү көркөм-элестүү кабылдоосуна тиешелүү эстетикалык табитин ойготуп, “жакшы” менен “жаманды” айырмалай билүү сапатын өнүктүрүп, жеке кызыкчылыгынан тартып атуулдук сезимдерине чейинки менталдык ой толголорун, адеп-ахлактык позициясын бекемдөө болуп саналат. Ал окуу процессинде өз улутунун көркөм адабиятын, ага салыштырып дүйнөлүк адабий мурастарды таанып-билүү аркылуу өзүнүн ички маданиятын, жалпы эле адам турмушун образдуу кабылдоо жолдорун үйрөтүп, мектептеги билим берүүнүн негизинде жашоого тарбиялоонун бир катар милдеттерин чечүүнү көздөп келген болсо, азыр деле адабият сабагы ошол касиетинде турат. Кыргыз адабиятын орто мектептин тестиер окуучуларына окутуунун максаты мурда калыптанган мазмунда болгону менен азыркы мезгилдеги балдардын билимге койгон талабы кескин өзгөргөндүктөн, жаңы предметтик стандарт айкындаган компетенцияларды ар бир окуучуга калыптандыруу инсанга багыттап окутуу өзүнө тиешелүү билим берүүнүн ыкусулдары менен иш алып барууну мугалимге милдеттендирип жатат. Тагыраак айтканда, жаңы окуу программасында белгиленген – китеп окуганды жактырган сабаттуу окурманды тарбиялоо; окуган адабий чыгармаларына таасирленип, андагы каармандын “жашоосуна” кайдыгер карай албаган жан дүйнөнү ойготуу; көркөм адабият сөз искусствосу экенин кыялдары менен сезип, андагы элестүүлүк аркылуу “өз турмушун” түзүүгө көркөм ойлоо маданиятын калыптандыруу; ж. б. мектеп окуучудан чыгармачылыкка олуттуу караган окурманды “жаратуу” керек болуп турат.

Мындай маселени чечүү улам жыл өткөн сайын оорлошуп бараткандыгы ар бир кыргыз адабиятынан сабак берген мугалимге белгилүү. Ошондуктан мектеп окуучуларынын арасында интернет булактарына көз карандылык өсүп бараткан шартта ар бир окуучунун жан дүйнөсүндө болуп жаткан түрдүү кубулуштарга байкоо салып, ар бир өтүлгөн сабактан кандай натыйжа алып жатканын билип туруу, адабий чыгарма, андагы лирикалык жана эпикалык образдардын аракети, аны чагылдырган сюжеттин өнүгүүсү, каармандардын айланасында козголгон проблемалар, анда баяндалган

атуулдук, адеп-ахлактык карама-каршылыктуу түшүнүктөрүн кабыл алуунун ар кандай багытка өзгөрүшү жөнүндө пикиринин калыптануу эволюциясын “көрүп туруу” максатында портфолиону түзүү зарылдыгы турат. Окутуунун мындай ык-усулдарын колдонуу адабият сабагына гана мүнөздүү болбостон, азыркы учурда андай шартта сабакты өткөрүү бардык предметтер үчүн кызыктуу келип, анда топтолгон иштердин көрсөткүчү ар бир балада кийинки ийгиликтин жаралуусуна түрткү берчү касиет да боло алат. Бир аз жылдан бери орто мектепте кеңири колдонулуп жаткан мындай мамиле окуучулардын билими кантип өсүп жатканын да педагогикалык коллективге толук көрсөтүү менен бирге окуучулардын кимисинде кандай жаңылануу болгонун жана мектепте жүргүзүлгөн кандай иштер мыкты роль ойногонун да ачыктаганы иштин кайсы мазмунда жүрүшү зарыл экенин ар бир мугалимге сездирет. Окуучуларды адабий чыгарма менен тааныштыруу дайыма болуп келген көрүнүш экендиги бардык балдарга белгилүү форма катары эске алынса да, жаңы чыгарманы үйрөтүүнүн жолдорун издөө проблемасы педагогдун алдында турган милдеттердин кайсы бирин башкы планга алып чыгууга шарт түзөт. Адабият мугалими мына ушул жерден жеке чыгармачыл аракетин көрсөтүп, окуучуларды кыргыз жана дүйнөлүк көркөм адабияттын мыкты казыналары менен тааныштырууда алардын сезимтал жан дүйнөсүнө, реалдуу турмушту көркөм-элестүү кабылдоосуна, чыгармадагы көркөм-эстетикалык баалуулуктардын бири экинчисине окшошо бербеген табиятын таануу аркылуу кыялкеч кабылдоосун ойготууга, нравалык түшүнүктөрүн өнүктүрүп, жарандык позициясын бекемдөөгө маанилүү кызмат көрсөтүүчү окутуу формаларын издөөгө тийиш. Мектеп окуучусунун окурмандык табияты ар түрдүү келет, бирок ортоңку класстын окуучуларына мүнөздүү көрүнүш алардын баары айлана-чөйрөсүндө болуп жаткан кубулуштарды түрдүү кыялкеч сезимдердин коштоосунда кабылдап, ойду өзүнүн элестөөсү менен чеңемсиз өркүндөтүп жиберчү жаш курагы болгондуктан, адабий чыгармаларда берилген көркөм наркты кабылдоосун мугалим туура пайдалануусу керек.

Көп жылдардан бери орто мектептин адабият сабактарында практикаланып келе жаткан маселе сөз өнөрүндөгү мыкты лирикалык чыгармалардын идеялык мазмунун өздөштүрүүгө басым жасалгандыктан, көпчүлүк учурда балдардын ырда айтылган ойду түшүнүүсүн камсыз кылуу аракети күч алып, андагы ыр саптарында берилген ойдун элестүүлүгү, автордун реалдуу турмуштук чындыкты көрө алган чыгармачылык чеберчилиги, башка акындардан айырмаланган инсандык жана эмоционалдык дүйнө кабылдоосу, сөз берметтери менен иштөө маданияты, окурмандын жан дүйнөсүн өнүктүрүп, ойлонууга шык берген менталдуулугу, кимди болбосун поэзиянын учкул дүйнөсүнө тарткан ыргактуулугу, адам жашоосун башкача көрө билген ойчулдугу сыяктуу маселелер сабакта ачылбай калганын көп эле кездештирип жүрөбүз. Балким, буга чейинки кыргыз адабияты сабактарында лирикалык чыгармалар искусство кире турганы жөнүндө сөз болбой, ырда айтылган ойду кайталап айтып берүү боюнча гана маселе көтөрүлгөндүктөн, ошондой эле ар бир сабакта мындай иштер кайталана бергени кызыгуусун начарлаткан болушу мүмкүн. Ортоңку класстын окуучулары көбүнесе түрдүү кыялдар менен “жашап”, бардык нерсенин ээси болууга кумарланганы балдардын адабий чыгармаларга карата кызыгуусун ушул куракта сактап турганын адабият мугалими дайыма эсинен чыгарбай, туура пайдаланган болсо, ал ар бир баланын эмоционалдуу түшүнүгүн коомдук-социалдык керектөөсү менен айкалыштырууга жардам берип, анын негизинде көркөм чыгарманы таанып-билүү табитинин өсүшүнө жол ачат. Ар бир адамда ыр жазууга шык болоорун окуучуларга түшүндүрүү менен алардын поэзиялык чыгармаларды түшүнүү жөндөмдөрүн өнүктүрүү үчүн окутууга сунушталган лириканын идеялык мазмуну менен таанышып, анан ошол идеяны өзүнүн ой чабыты, образдуу ой жүгүртүүсүн колдонуу менен “ырды толуктоого”, колунан келишинче ага бир же бир нече “куплет кошууга” мүмкүнчүлүк түзгөн болсо, ал окуучуларга түрдүү деңгээлде компетенция калыптандыра алат. Ырас, окуучулардын “акындык чыгармачылыгы” өтө жогору эместиги кимге болбосун белгилүү, бирок балдар өздөрү “ыр чыгаруу” менен лирикалык чыгармада образдуулук түзүү оор экенин сезишип, уйкашкандын баары эле поэзия боло бербестигине карата белгилүү ойду жан дүйнөсүндө иштеп чыгып,

эстетикалык туюмун аныктоочу компетенцияга да ээлик кылат.

Кандай да болбосун лирикалык чыгарманы жаратууда акын жан дүйнөсүнө тынчтык бербеген сезимдерин чагылдырып, белгилүү бир өлчөмдө жашоо-турмушунан айрым үзүндүлөрдү камтып кеткенин качан окуучулар ал лирикага өзү “толуктоо” киргизген шартта байкайт. Бардык лирикалык чыгармаларды окутууда мугалим мындай ыкманы колдоно бербесе да, акындын чеберчилигин толук ачып көрсөтүүгө тийиш болгон шартта аны пайдалануу чыгарманын окуучуларга болгон таасирин арттырат. Анткени балдар ал теманы өтүп жаткан маалда өз оюн кагаз бетине чыгармачылык менен түшүрө албаса да, акырындап жашоо турмушунда зарыл болгон кырдаалга чейин кыялында “баккан ойлорун” так жана жеткиликтүү абалда жазууга керектүү шыкты компетенция катары калыптандырууга мүмкүндүк берет. Ошондой эле мындай түшүнүктү сабакта колдонуу окуучулардын жазуу кебин өстүрүүгө гана жардам бербестен, белгилүү бир теманын тегерегинде көз карашын түзүүгө жана аны зарыл болгон шартта кандай кыялданса дал ошондой баяндап берүүгө, жеке байкоолоруна таянып жазуу түрүндө текст түзүүгө да керектүү компетенцияларды калыптандыра алат. Ырас, көптөгөн адабият мугалимдери окуучуларга лирикалык чыгармаларды өтө таланттуу адамдар гана жаза алышы мүмкүн экендиги жөнүндө дайыма маалымат берип келгендиктен, ортоңку класстын кыялкеч балдары көркөм чыгарманы кабыл алуусундагы эмоционалдык баалуулук мамилелерин жогору коюп карашат. Бул сабакта көркөм чыгарманын ички касиеттерин майдалап түшүнүүгө тескери таасирин тийгизет. Себеби ойноок, кыялкеч, тестиер өспүрүмдөр бир окугандан кийин түшүнө албаса, ага интеллектуалдык мүмкүнчүлүгү жетпей тургандай мамиле кылышат да, мындай кырдаал улам кийинки сабактарда тереңдеп отуруп, окуучулардын лирикалык чыгармага болгон кызыгуусун таптакыр жок кылып салышы да ыктымал. Окуучулардын ырдын табиятын сезимталдык менен кабылдоонун рефлексин тарбиялоо үчүн алардын өздөрүнүн “лирикалык толгонууларын” белгилүү бир чыгарманын фонунда көрсөтө билүүсүн камсыздоо кыймылын түзүү кыйла эффективдүү ойлонууга, көркөм сөз каражаттарын тандоо аркылуу эстетикалык табитин ойготууга, жашоо-турмуштан көңүлүнө жаккан кубулушка суктануу, табият көоздугун баалоо, адамдык сезимдердеги оң жана терс эмоцияны сөз менен жеткирүү аракетин көрүүгө, сөз түрмөктөрүндө “жашаган” керемет дүйнөнү элестетүүгө кам көргөн ык-усулдарга кыргыз адабияты сабагында артыкчылык берүү [5, 138–145-бб.] маанилүү орунда турат.

Айрым мугалимдер мындай иштерди сапаттуу аткаруу үчүн инновациялык сабактарды колдонуу зарыл деп ойлошот, бирок андай көз караш туура эмес экендигин практиканын өзү көрсөттү. Тестиер балдардын психологиясына жараша окутуунун ык-усулдарын тандоо, аларды өз кызыкчылыгына жараша сабактагы иш чараларга тартуу гана кандай методика болбосун окуучуларга берилген билимди жеткиликтүү өздөштүрүүсүнө шарт түзөт. Тагыраак айтканда, мугалим тандаган методикада окуучулардын өзү сабактын башынан аягына чейин активдүү катышуусуна жетишүү жолдорун камсыздай алышы керек. Эгерде мугалим өзү тандаган методикада бардар угуучу катары эле катыша турган болсо, анда ал окуучулардын жан дүйнөсүнө эч кандай таасир бербестен, балага керектүү компетенциядан ажыратат. Өзгөчө кандай мазмунда болбосун лирикалык чыгармага жасалган анализ балдардын ички дүйнөсүнөн өтүп, ар бири өз түшүнүгүнө ылайык сөз берметтерин кошууга тийиш болгон кырдаал окуучуларды кайдыгер калтырбаган абалда уюштурулса, баланын лирикалык чыгармага болгон мамилеси күйүп-жанган ыргакта окуучунун жаран катары эмоционалдуу пикири менен корголсо, болгондо да ошол жерге керек болуп турган сөз же сөз айкаштары аркылуу чагылдырылса, кийин колдонууга зарыл компетенцияны калыптандырган болуп эсептелет.

***Жыйынтыгы.*** Ар бир сабак адабий чыгарманы талдоо жумуштарынын коштоосунда аткарылса, окуучунун жан дүйнөсүндөгү лирикалык “мен” деген түшүнүктүн туруктуу облигин жаратып, ал улам кийинки адабий чыгармаларды талдоо иш чараларында тымызын өркүндөп отуруп, баланын класстагы, ошондой эле түрдүү социалдык чөйрөдө пайдалана алуучу сүйлөө речин өстүрүп, эркин ойлонууга, эмне ойлосо, ошол ойду коргой билүүгө жана талаш маселеде токтоо маанай күтүп, сабаттуу көз караш

менен пикирин сергек сүйлөө менен түшүндүрүүгө тиешелүү компетенцияны камсыздай алат. Лирикалык чыгарма адамдын жан дүйнөсү менен тыгыз байланыштуу болгондуктан, ага өз ойлорун уйкаштыруу менен "кошуп" жазуу окуучуда кийин кандай шарт болбосун өз көз карашын кайсы жанрда болбосун кагаз бетине түшүрүүгө, анда көркөм сөз каражаттарын жетиштүү колдонууга, кыргыздын бай лексикасын сапаттуу пайдаланууга, анын негизинде керектүү идеяны чагылдырып, адабий билимди кадимки жашоо кызыкчылыгына пайдаланууга тиешелүү көркөм-элестүү ой жүгүртүүсүнүн бай болушун камсыз кылчу компетенцияны окуучуларга калыптандырат.

***Адабияттар***


1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы № 403-токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында жалпы орто билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты. URL: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ky-kg/96690 (дата обращения: 04.11.2020).
2. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2014-жылдын 22-июлундагы № 545/1-буйругу менен бекитилген Кыргыз Республикасынын мектеп окуучуларын жана окуган жаштарын тарбиялоонун 2020-жылга чейинки концепциясы. URL: https://edu.gov.kg/media/files/515d2bc4-2729-4cd0-8d88-b2167e73cf9e.pdf (дата обращения: 04.11.2020).
3. Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" Мыйзамында (2003-ж.). URL: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ky-kg/1216 (дата обращения: 04.11.2020).
4. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 23-мартындагы № 201-токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында Билим берүү системасынын өнүгүүсүнүн стратегиялык багыттары. URL: https://edu.gov.kg/media/files/515d2bc4-2729-4cd0-8d88-b2167e73cf9e.pdf (дата обращения: 04.11.2020).
5. *Оторбаев Б.* Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы / Б. Оторбаев. Бишкек: Айат, 2019. 15-б.